"Бабниктин ыры"

Капыстан чыңгыр этсе телефонум

Музыка коюп койгом теле сонун

Кыздарга достор атын жазып койгон

Чынында мен аябай келесоомун

Кайырма:

Гулзатты Гулжигит деп сактап койгом

Нургизди Нуржигит деп каттап койгом

Алина Али болуп кыскартылып

Анарга Алмаз атын чаптап койгом

2-куплет

Аялым көрүп алып сүрөттөрүн

Бул ким деп сурай берип жудотконунун

Аял да, быды-былы сүйлөй берип

Билбеймин кандай болуп күн өткөнүн

Кайырма:

Айтканмын ошолордун аялы деп

Нуржигит билесиңби баягы деп

Унчукпай туруп калса ойлогонун

Сүйүнүп жини эрте тарады деп.

3-куплет.

Капыр ай,  кара мунун сүйлөнушун,

Таарынып былтың басып турдонушун

Кылыгын көрүп алып аялымдын

Кызганып жатат дедим сүйгөн үчүн

Кайырма:

Аялым кудай берген аялым да

Аялым ай тенелгис аярым да.

Касякты жууш үчүн эркелетип,

Ушинтип мактап койдум аягында.